**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2011-жылдын IV чейреги үчүн

**2012-жылдын январь айы**

**Бишкек**

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Редакциялык кеңеш:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Абдыбалы тегин С |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Урустемов С.А. |
| | Исакова Г.А. |
| | Бердигулова А.Р. |
| Жооптуу катчы: | Керимкулова Г.А. |

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 669 051 телефону,
(996 312) 610 730 факсы
gkerimkulova@nbkr.kg электрондук дареги боюнча кайрылсаңыздар болот.

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 66-90-09 телефону,
(996 312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Басылма республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын жана инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2012-жылдын 27-январы.

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

ЖЧК "Line Print" басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2012-жыл.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана котоорууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Аталган басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өткөн жыл ичинде бүткөргөн иши жөнүндө отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банктын акча-кредит саясаты жөнүндө кыскача маалыматты, финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма, Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***
Басылма, Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү тенденцияларды жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз, эл аралык инвестициялык позиция боюнча маалыматтарды камтыйт. Басылма, чейрек сайын – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***
Финансылык ортомчу катары Кыргыз Республикасынын банк тутумунун өнүгүшүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү, турукташууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктарды, ошондой эле бүтүндөй банк тутумунун турукташуусунун курамдык элементтерине баа берүү, аталган басылманын максаты болуп саналат. Басылма, жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Басылма, коммерциялык банктарга жана коомчулукка Улуттук банктын иши жөнүндө маалыматтарды жарыялап туруу жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын пропагандалоо максатында, Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***
Улуттук банктын пресс-релизи жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн Улуттук банкка жана банк тутумуна тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда апта ичинде болуп өткөн орчундуу жана башка маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

# МАЗМУНУ


1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ............................5

1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш..................5
1.1.1. Суроо-талап..............................................................................................5
1.1.2. Сунуш.....................................................................................................10
1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү багыттар (тенденциялар) .........................................12
1.3. Тышкы экономикалык шарттар.............................................................................17
1.4. Алмашуу курсу.......................................................................................................20

2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР..................................................22

2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына иликтөөлөр..................................22
2.1.1. Азык-түлүктөргө баа динамикасы .....................................................................22
2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы.............................................24
2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы ............................................................25
2.1.4. Аймактардагы керектөө бааларынын динамикасы................................................26
2.2. Базалык инфляция.................................................................................................26

3-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН
АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ...........................................................28

3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери...................................................28
3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитеттин негизги чечимдери.........................29

4-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДООЛОР...................................................30

4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор...........................30
4.2. 2012-жылга жана 2012-жылдын I чейрегине инфляцияны болжолдоолор......................33

СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ...............................................................................................36

ГЛОССАРИЙ.......................................................................................................................42

КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ.........................................................................................46

# 1-глава. Кыргыз Республикасындагы экономикалык абал

## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш

### 1.1.1. Суроо-талап

2011-жылдын январь-декабрь айлары ичинде алдын-ала алынган маалыматтар боюнча ИДӨнүн көлөмү күндөлүк баада 2010-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда реалдуу мааниде 5,7 пайызга көбөйүү менен 273,1 млрд. сомду түзгөн, ал эми 2010-жылдын январь-декабрь айларында ИДӨнүн көлөмү 0,5 пайызга төмөндөгөн (Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин такталган маалыматтарына ылайык ИДӨнүн төмөндөөсү 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча 1,4 пайыздан 0,5 пайызга чейин оңдолгон). «Кумтөр» алтын кенин казып алуу боюнча ишканаларды эске албаганда, ИДӨнүн көлөмү 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтүн 1,0 пайызга төмөндөгөнүнө каршы, отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча реалдуу мааниде 5,6 пайызга өскөн. ИДӨнүн дефлятору кароого алынып жаткан жылдын алдын-ала маалыматтары боюнча 17,3 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (2010-жылы тиешелүү көрсөткүч 10,0 пайызды түзгөн).

2011-жылдын жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча кирешелерди пайдалануу ыкмасы боюнча эсептелген ИДӨнүн көлөмү өткөн жылдагы тиешелүү көрөсткүчкө салыштырганда 5,5 пайызга өскөн (2010-жылдын январь-июнь айларында өсүш 4,4 пайызды түзгөн). ИДӨнүн өсүшү экспорттун 9,8 пайызга реалдуу өсүшүнүн эсебинен камсыз болгон, ал негизинен, алтындын экспортунун олуттуу көбөйүүсүнө, ошондой эле ички суроо-талаптын (түпкү керектөөгө чыгашалардын суммасы жана дүң топтоо) 6,6 пайызга өсүшүнө (2010-жылдын январь-июнь айларында тиешелүү көрсөткүч 1,2 пайызды түзгөн) шартталган. Керектөөнүн импорттон олуттуу көз карандуулугун эске алуу менен ички суроо-талаптын өсүшү, 2011-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча импорттун реалдуу мааниде 10,6 пайызга өсүшүн демилгелеген.

**1.1.1-таблица. Чыгашалар боюнча ИДПнын реалдуу өсүш арымы**
*(жыл башынан тартып өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата мезгил ичинде, пайыздарда)*

| | 2010 | 2011 | |
|---|---|---|---|
| | | I | II |
| **Колдонулган ИДӨ** | **-0,5** | **0,4** | **5,5** |
| Түпкү керектөө | 2,0 | 1,6 | 6,6 |
| Жекече керектөө | 2,4 | 1,5 | 6,9 |
| Үй чарбасы | 2,9 | 1,6 | 7,9 |
| ҮЧТКУ | -6,7 | 1,1 | 9,1 |
| Мамлекеттик мекемелердики | -0,2 | 0,4 | -0,7 |
| Жамааттык пайдалануу | -1,9 | 2,1 | 4,1 |
| Дүң топтоо | -5,2 | 13,6 | 6,6 |
| Экспорт | -11,7 | -10,3 | 9,8 |
| Импорт | -6,9 | -7,4 | 10,6 |

*Булагы УСК*

Эмгек мигранттарынын акчалай которуулары өлкөдөгү ички суроо-талаптын өсүшүнө таасирин тийгизген негизги фактор бойдон калган. Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча, 2011-жылы акчалай которуулар ИДӨгө карата 24,9 пайызды түзгөн, ал эми 2010-жылы бул көрсөткүч ИДӨгө карата 23,6 пайыз чегинде катталган бул, өлкө экономикасынын акчалай которуулар агымына көз карандуулугун тастыктап турат.

**1.1.1-сүрөт. ИДӨнүн, ички суроо-талаптын жана акча которууларынын өзгөрүү динамикасы**

*(жыл башынан тартып өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата мезгил ичинде, пайыздарда)*




2011-жылдын жыйынтыгы боюнча акчалай которуулардын таза агылып кирүүсү өткөн жылга салыштырганда 356,1 млн. АКШ долларына же 31,7 пайызга көбөйүү менен 1,5 млрд. АКШ долларын түзгөн. Акчалай которуулардын негизги үлүшү КМШ өлкөлөрүнөн (Россиядан – 94,2 пайыз, Казакстандан – 2,5 пайызды) түшөт, ал эми алыскы чет өлкөлөрдөн жеке адамдардын акчалай которууларынын жалпы көлөмүнөн 3,3 пайыз түшкөн.

**1.1.2-таблица. Акча которуулар системасы боюнча жеке адамдардын акча которуулары**
*(млн. АКШ долл.)*

| | 2008 | 2009 | 2010 | 2011** |
|---|---|---|---|---|
| **Сальдо** | **1 138,2** | **893,2** | **1 124,9** | **1 481,0** |
| **Агылып кирүүлөр** | **1 205,5** | **966,7** | **1 252,6** | **1 666,7** |
| КМШ өлкөлөрү | 1 141,4 | 894,4 | 1 199,3 | 1 612,2 |
| Казакстан | 27,9 | 31,4 | 35,0 | 41,1 |
| Россия | 1 113,5 | 862,9 | 1 164,3 | 1 570,5 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,7 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 64,1 | 72,3 | 53,3 | 54,5 |
| Бельгия | 0,5 | 0,5 | 0,2 | 1,4 |
| Улуу Британия | 1,8 | 1,4 | 1,4 | 1,5 |
| Германия | 0,2 | 0,7 | 9,9 | 15,5 |
| АКШ | 61,4 | 69,5 | 41,7 | 34,7 |
| Жана башкалар | 0,2 | 0,3 | 0,1 | 1,3 |
| **Агылып чыгуулар** | **67,3** | **73,6** | **127,6** | **185,7** |
| КМШ өлкөлөрү | 65,0 | 71,8 | 125,8 | 181,6 |
| Казакстан | 2,5 | 0,7 | 0,4 | 0,7 |
| Россия | 62,5 | 71,1 | 125,4 | 180,7 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,3 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 2,3 | 1,8 | 1,8 | 4,0 |
| Бельгия | 0,1 | 0,2 | 0,5 | 0,6 |
| Германия | 0,4 | 0,4 | 0,3 | 1,3 |
| АКШ | 1,7 | 1,1 | 0,9 | 1,8 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,1 | 0,2 | 0,3 |

* Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр ж.б. системалар боюнча которуулар жана «Кыргызпочтасы» МИ аркылуу которуулар.

** алдын ала алынган маалыматтар.

Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде үй-чарбаларын тандап изилдөөнүн натыйжаларына ылайык, калктын квинтиль топтору боюнча акча кирешелеринин түзүмүндө калктын кыйла камсыз болгон катмарында акчалай кирешелердин жогорку үлүштө концентрацияланышы сакталып турат. Алсак, кыйла камсыз болгон топтун кирешелеринин үлүшү 2010-жылдагы ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда 0,3 п.п. көбөйүү менен калктын кирешелеринин жалпы көлөмүнүн 48,0 пайызын түзгөн. Ал эми калктын азыраак камсыз болгон катмарынын 20 пайыздык топторунун кирешелеринин үлүшү 5,1 пайыз чегинде катталган.

**1.1.2-сүрөт. Калктын квинтиль топтору боюнча акчалай кирешелеринин түзүмү**
*(жыл башынан тартып)*



Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын-ала маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2011-жыл ичинде 13,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 5,0 пайызды (2010-жылдын тиешелүү мезгилинде мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 10,8 млрд. сомду же ИДӨгө карата 4,9 пайызды) түзгөн.

Мамлекеттик бюджеттин кирешелери жана алынган расмий трансферттер 2010-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 34,8 пайызга көбөйүү 77,3 млрд. сом же ИДӨгө карата 28,3 пайыз чегинде катталган. Салыктык кирешелер жана салыктык эмес түшүүлөр мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерден кирешелеринин 31,9 п.п. өсүшүнө салым кошушкан, ал эми расмий трансферттердин түшүүлөрүнө салым 2,9 п.п. чегинде катталган.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерге жалпы чыгашалары 2010-жылдын ушундай эле көрсөткүчүнө салыштырганда 33,8 пайызга же 20,8 млрд. сомго көбөйүү менен 2011-жыл ичинде 82,4 млрд. сомду же ИДӨгө карата 30,2 пайызды түзгөн. Билим берүү, саламаттыкты сактоо, илим жана маданият чөйрөсүндөгү кызматкерлердин эмгек акыларынын, ошондой эле пенсиянын базалык бөлүгүнүн көбөйүүсүнөн улам, бюджеттик чыгашалардын күндөлүк керектөөгө сыяктуу эле, капиталдык статьяларга да көбөйүү тенденциясы байкалган. 2011-жыл ичинде күндөлүк керектөөгө чыгашалар түзүмүнө финансылык эмес активдерди сатуу да камтылган, мамлекеттик чыгашалардын жалпы көлөмүндө 80,0 пайызды түзүү менен өткөн жылдагы ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда 28,4 пайызга көбөйгөн, ал эми бюджеттин капиталдык чыгашалары 20,0 пайызды түзүү менен 53,0 пайызга өскөн.

Кароого алынып жаткан мезгилде акчалай каражаттардын финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча таза агылып чыгуусу 8,5 млрд. сом чегинде катталган, бул 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 1,9 млрд. сомго же 29,2 пайызга көп.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун алдын-ала маалыматтары боюнча анын 2011-жыл үчүн бюджетинин профицити 0,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,2 пайызды, кирешелери - 24,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 8,9 пайызды, чыгашалары– 23,7 млрд. сомду же ИДӨгө карата 8,7 пайызды түзгөн.

Консолидацияланган бюджеттин тартыштыгы (мамлекеттик бюджет + Социалдык фонддун бюджети) 2011-жылдын жыйынтыгы боюнча 13,0 млрд. сом же ИДӨгө карата 4,7 пайыз чегинде катталган. Кирешелер 91,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 33,4 пайызды, ал эми чыгашалар – 104,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 38,1 пайызды түзгөн.

**1.1.3-сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**
*(бир мезгил ичинде)*




Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2010-жылдагы ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда 2011-жыл ичинде 6,6 пайызга төмөндөө менен 2010-жылдагы 9,2 пайызга каршы 47,4 млрд. сомду түзгөн. Инвестициялардын тармактык түзүмүндө салымдардын жарымынан көбүрөөгү (64,9 пайыз) тоо кендерин казып алуу өнөр жайына («Кумтөр» алтын кенин иштетүү боюнча ишканаларга инвестициялар), транспортко жана байланышка («Талас-Тараз-Суусамыр», «Бишкек-Нарын-Торугарт», «Ош-Иркештам», «Ош-Исфана», «Ош-Сарыташ-Иркештам», «Түп-Кеген» автомобиль жолдорун, «Түштүк транспорт коридорун» реконструкциялоого, «Аймактык жол коридорун жакшыртуу» долбоору боюнча жолдорду реабилитациялоого) туура келген.

**1.1.3-таблица. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар**

| | 2010 | 2011 | 2011 | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы болуп, *млн. сом* | | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Бардыгы** | **44 333,3** | **47 399,5** | **100,0** | **93,4** |
| **Ички инвестициялар** | **34 276,6** | **33 795,5** | **71,3** | **86,1** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каралган каражаттарды кошо алганда) | 3 298,3 | 4 506,0 | 9,5 | 123,6 |
| Жергиликтүү бюджет | 705,4 | 615,2 | 1,3 | 76,6 |
| Ишканалардын, уюмдардын каражаттары | 15 814,5 | 16 539,8 | 34,9 | 91,1 |
| Банктын кредити | 3 196,3 | 290,3 | 0,6 | 7,7 |
| Калктын каражаты | 11 262,1 | 11 844,2 | 25,0 | 91,6 |
| **Тышкы инвестициялар** | **10 056,7** | **13 604,0** | **28,7** | **118,6** |
| Чет өлкө кредити | 4 833,6 | 8 761,1 | 18,5 | 160,0 |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 3 625,2 | 3 219,4 | 6,8 | 78,2 |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 1 597,9 | 1 623,5 | 3,4 | 90,9 |

*Булагы: УСК*

*2009-жылы инвестициялар жагындагы булактар «Республикалык бюджет» статьясынан «Банктардын кредиттери» статьясына кайра квалификацияланган, 2011-жылы бул инвестицияларды каржылоо «Республикалык бюджет» статьясына кайтарылган.*

Негизги капиталга инвестицияларды каржылоо булактарынын түзүмүндө 2011-жылы инвестициялардын ички булактардын эсебинен төмөндөөсү жана тышкы каржылоо булактарынын эсебинен көбөйүүсү белгиленген. Алсак, ички инвестициялар 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 13,9 пайызга төмөндөгөн, ал эми тышкы инвестициялардын өсүшү 18,6 пайызды түзгөн. Тышкы инвестициялардын агылып кирүүсүнүн көбөйүүсү көбүнчө, республикадагы жолдорду курууга багытталган чет өлкө кредиттеринин озуп бараткан өсүшүнө шартталган (өсүш 2010-жылдагы ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда 60,0 пайыз чегинде түптөлгөн).

Коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү 2011-жылдын акырына карата ушул эле жылдын башталышына салыштырганда 18,3 пайызга көбөйүү менен 31,2 млрд. сомду түзгөн (коммерциялык банктардын кредит портфели 2010-жылдын акырына карата 4,6 пайызга өскөн). Өлкөнүн коммерциялык банктарынын кредиттөөсүнүн өсүшү курулушту эске албаганда, экономиканын бардык тармактарында белгиленген.

**1.1.4-таблица. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин тармактык түзүмү**

| | 2010 | | 2011 | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Кредит портфели** | **26 382,1** | **104,6** | **31 217,2** | **118,3** |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 11 336,8 | 108,4 | 13 374,3 | 118,0 |
| Айыл чарбасы | 3 349,7 | 108,6 | 3 974,5 | 118,7 |
| Өнөр жайы | 1 480,7 | 106,6 | 1 665,1 | 112,5 |
| Ипотека | 2 852,6 | 92,4 | 2 984,1 | 104,6 |
| Курулуш | 2 038,6 | 104,5 | 1 746,4 | 85,7 |
| Керектөө кредиттери | 1 882,5 | 92,8 | 2 749,5 | 146,1 |
| Жана башкалар | 3 441,2 | 107,0 | 4 723,2 | 137,3 |

## 1.1.2. Сунуш

2011-жылы ИДӨнүн өсүшүнө өнөр жай ишканалары (2,5 п.п.), анын ичинде «Кумтөр» алтын кен ишканаларында өндүрүштүн көлөмүнүн эсебинен негизги салымды кошушкан. Мындан тышкары, кароого алынып жаткан мезгил ичинде ИДӨнүн өсүшүнө соода, транспорт жана байланыш (2,0 п.п.) ишканалары да олуттуу салым кошушкан.

Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү чогуу алгандагы сунуштоонун көлөмү отчеттук жылы, ИДӨнүн жалпы көлөмүнөн айыл-чарба продукциялары менен - 18,0 пайыз, иштеп чыгаруу өнөр жай продукциялары менен – 16,8 пайыз, соода менен – 16,1 пайыз, транспорт жана байланыш менен 8,2 пайыз камсыз болгон.

**1.1.5-таблица. ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөшүнө иштин өзүнчө түрлөрүнүн салымы**

| | 2010 | | 2011 | |
|---|---|---|---|---|
| | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* |
| **Ички дүң продукт** | **-0,5** | **-0,5** | **5,7** | **5,7** |
| Дүң кошулган нарк | -0,5 | -0,4 | 5,7 | 5,1 |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | -2,6 | -0,5 | 2,3 | 0,4 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | -3,6 | 0,0 | 24,6 | 0,2 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 11,3 | 1,6 | 9,8 | 1,7 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 11,2 | 0,2 | 22,4 | 0,7 |
| Курулуш | -18,5 | -1,2 | -3,9 | -0,2 |
| Соода, ремонт | -5,6 | -0,9 | 7,0 | 1,1 |
| Мейманканалар жана ресторандар | -9,5 | -0,1 | 9,3 | 0,1 |
| Транспорт жана байланыш | 4,2 | 0,4 | 9,8 | 0,8 |
| Финансылык ишкердүүлүк | -4,9 | 0,0 | 6,7 | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | 4,9 | 0,2 | -1,7 | -0,1 |
| Мамлекеттик тескөө | -0,3 | 0,0 | 5,1 | 0,3 |
| Билим берүү | -0,3 | 0,0 | 0,3 | 0,0 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды сунуштоо | 1,7 | 0,0 | 2,0 | 0,1 |
| Коммуналдык жана жеке кызматтарды сунуштоо | -2,2 | 0,0 | 0,7 | 0,0 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | -0,5 | -0,1 | 5,7 | 0,6 |

*Булагы: УСК*

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча, 2011-жыл ичинде өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекси (ФКИ) 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 11,9 пайызга өскөн (2010-жылы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 9,8 пайызга өскөн). Өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индексинин өсүшү, негизинен, машиналарды жана жабдууларды чыгаруунун (1,7 эсеге), текстиль жана тигүү өндүрүшүнүн (1,5 эсеге), химиялык өндүрүштүн (1,6 эсеге), транспорт каражаттарын жана жабдууларды чыгаруунун (1,6 эсеге) көлөмүнүн көбөйүүсүнө, ошондой эле, электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүүнүн көлөмүнүн (122,4 пайыз) көбөйүүсүнө шартталган. «Кумтөр» алтын кен иштетүү ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн ФКИсинин 18,8 пайыз деңгээлинде өсүшү белгиленген, мында, 2010-жылдын тиешелүү көрсөткүчү 11,7 пайызга өскөн.

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча, айыл-чарбасында өндүрүштүн өсүшү 2,3 пайыз деңгээлинде катталган (2010-жылы айыл-чарба продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү 2,6 пайызга төмөндөгөн).

Отчеттук мезгил ичинде соода жүгүртүүнүн көлөмү 6,7 пайыз чегинде катталган (2010-жылдын тиешелүү мезгилинде 4,9 пайыз деңгээлинде төмөндөө байкалган). Анын ичинде чекене соода жүгүртүү 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча 5,4 пайызга төмөндөөсүнө каршы, 6,2 пайызга өскөндүгү белгиленген.

**1.1.6-таблица. Соода операцияларынын дүңүнөн жүгүртүү динамикасы жана түзүмү**

| | 2010 | | 2011 | |
|---|---|---|---|---|
| | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Соода** | **100,0** | **95,1** | **100,0** | **106,7** |
| Авто жана мото техникаларын, тетиктерин сатуу | 3,0 | 83,4 | 2,9 | 114,3 |
| Техникалык жактан тейлөө жана авто ремонт | 0,5 | 87,3 | 0,4 | 98,2 |
| Мотор майларын чекене сатуу | 9,5 | 98,4 | 10,0 | 122,6 |
| Дүң соода | 33,9 | 96,7 | 32,9 | 102,7 |
| Чекене соода | 52,9 | 94,6 | 53,7 | 106,2 |
| Тиричилик буюмдарын ремонттоо | 0,2 | 84,9 | 0,1 | 84,8 |

*Булагы: УСК*

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү багыттар (тенденциялар)

### Акча базасы

Акча базасы 2011-жылдын төртүнчү чейрегинде 7,0 пайызга көбөйүү менен (2010-жылдын төртүнчү чейрегинде акча базасы 10,2 пайызга көбөйгөн) 2012-жылдын 1-январына карата 54,8 млрд. сомду түзгөн. Бүтүндөй алганда, 2011-жылы акча базасы 12,8 пайызга көбөйгөн.

2011-жылдын төртүнчү чейрегинде акча базасы 3,6 млрд. сомго өскөн, Өкмөттүн операцияларынын эсебинен 7,6 млрд. сом кошулган. Улуттук банк акча-кредиттик инструменттер менен 4,0 млрд. сомду алып салган (2010-жылдын тиешелүү мезгилинде көбөйүү 4,5 млрд. сомго көбөйгөн; Өкмөттүн акча базасынын өсүшүнө салымы 6,1 млрд. сомду түзсө, Улуттук банктын операциялары акча базасын 1,6 млрд. сомго азайткан).

Жүгүртүүдөгү акчалар 2012-жылдын 1-январына карата кароого алынып жаткан мезгил ичинде 7,1 пайызга көбөйүү менен 49,9 млрд. сом чегинде катталган (2010-жылдын тиешелүү мезгилинде көбөйүү 8,2 пайызды түзгөн). 2011-жыл ичинде жүгүртүүдөгү акчалардын өсүшү 15,2 пайыз чегинде түптөлгөн.

Акча базасынын түзүмү төмөнкүчө өзгөргөн: жүгүртүүдөгү нак акчалардын үлүшү 2011-жылдын сентябрь айынын акырына карата 90,9 пайыздан 2011-жылдын декабрь айынын акырына карата 91,0 пайызга чейин көбөйгөн. Демек, коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттардын үлүшү 9,1 пайыздан 9,0 пайызга чейин азайган.

### М2 акча топтому

М2 акча топтому (М0 + улуттук валютадагы депозиттер) 2011-жылдын төртүнчү чейреги ичинде 5,8 пайызга көбөйүү менен (2010-жылдын ушундай эле мезгилинде М2 көбөйүүсү 8,8 пайызды түзгөн) 2012-жылдын 1-январына карата 62,1 млрд. сом чегинде катталган. Отчеттук мезгил ичинде да М2 акча топтомун түзүүчүлөрдүн көбөйүүсү байкалган: банктардан тышкаркы акчалар (М0) – 6,7 пайызга жана улуттук валютадагы депозиттер – 3,2

пайызга, анын ичинде которулма (талап боюнча төлөнүүчү) депозиттердин 0,1 пайызга бир аз азаюусунда, мөөнөттүү депозиттер – 10,0 пайызга. М2 акча массасынын өсүшү 2011-жыл ичинде 15,6 пайызды түзгөн.

**М2Х акча топтому**

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көлөмү (М2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер) 2011-жылдын төртүнчү чейрегинде 4,0 пайызга көбөйүү менен (2010-жылдын тиешелүү мезгилинде М2Х көбөйүүсү 10,0 пайыз чегинде катталган) 2012-жылдын 1-январына карата 79,5 млрд. сомду түзгөн. М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын аныктамасына кирген депозиттердин жалпы көлөмү[1] 0,3 пайызга бир аз өзгөргөн, анын ичинде улуттук валютадагы депозиттер 3,2 пайызга көбөйгөн, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттер 2,1 пайызга азайган (2010-жылдын ушундай эле мезгилинде депозиттердин жалпы көлөмү 13,1 пайызга, ал эми банктардан тышкаркы акчалар – 8,0 пайызга көбөйгөн).

Бүтүндөй алганда 2011-жыл ичинде кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасынын өсүшү 14,9 пайызды түзгөн.

М2Х акча массасынын түзүмү отчеттук мезгил ичинде төмөнкүдөй өзгөрүүгө дуушар болгон:

- Банктардан тышкаркы накталай акчалардын үлүшү 57,9 пайыздан 59,4 пайызга чейин көбөйгөн;
- Улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 18,9 пайыздан 18,7 пайызга чейин бир аз өзгөргөн;
- Чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 23,3 пайыздан 21,9 пайызга чейин азайган.

2011-жылдын төртүнчү чейреги ичинде финансы ортомчулугунун деңгээлин мүнөздөгөн М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын мультипликатору, 2011-жылдын сентябрь айындагы 1,493төн ушул эле жылдын декабрь айынын акырында 1,451ге чейин азайган (2010-жылдын декабрь айынын акырына карата – 1,424).

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын жүгүртүү тездиги кароого алынып жаткан мезгил ичинде сентябрь айынын акырындагы 3,7ден декабрь айынын акырында 3,8 ге чейин көбөйгөн (2010-жылдын декабрь айынын акырына карата – 3,6). М2Х акча топтому боюнча эсептелген, экономиканы монетизациялоо коэффициенти 2011-жылдын үчүнчү чейрегинин акырына карата түптөлгөн 27,3 пайыздан ушул эле жылдын төртүнчү чейрегинин акырына карата 26,5 пайызга чейин төмөндөгөн (2010-жылдын төртүнчү чейрегинин акырында – 27,9 пайыз).

[1] Банк тутумунун аналитикалык балансынын маалыматтары боюнча өзүнө жеке адамдардын жана юридикалык жактардын, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин камтыйт, мында Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттери эске алынбайт.

**1.2.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымы**




Отчеттук жылдын төртүнчү чейрегинде финансы рыногундагы жагдай банк тутумунда сом ликвиддүүлүгүнүн төмөндөөгө ык койгон деңгээлинин жана АКШ долларынын алмашуу курсунун өзгөрүү динамикасынын таасиринен улам түптөлгөн. Мында, 2011-жылдын башталышынан берки бүтүндөй мезгил ичинде, биринчилик рыногунда сунуштун минималдуу деңгээлге чейин төмөндөөсүнө таасирин тийгизген, Финансы министрлигинин мамлекеттик казына векселдерине карата суроо-талаптын азаюусу белгиленген. Ал эми ноталар рыногундагы абал, тескерисинче, рыноктун бул сегментинде кирешелүүлүктүн өсүшүнүн алгылыктуу трендинин сакталып калышы алкагында түптөлгөн, бардык негизги көрсөткүчтөрдүн көбөйүүсү менен мүнөздөлгөн. Ошол эле учурда, банктар аралык рыногунда кредиттик ресурстардын активдердин карыздык каражаттарга карата суроо-талаптын көбөйүүсү түрүндө жогорулоосу катталган бул, улуттук валютадагы кредиттик ресурстардын наркынын жогорулоосуна таасирин тийгизген. Ошондой эле, улуттук валютадагы «овернайттын» кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн Улуттук банктын финансылык инструментине карата суроо-талаптын жогорулоосу да байкалган, натыйжада бул операциялардын көлөмү 2,2 эсеге көбөйгөн.

**1.2.2-сүрөт. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**



Төртүнчү чейректе ноталар рыногундагы бардык негизги индикаторлордун 2011-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүүсү байкалган. Ноталардын жарыяланган эмиссиясынын жалпы көлөмү, жүгүртүү мөөнөтүү 28 күндүк ноталарды сунуштоону жыл башынан бери 4,9 млрд. сом өлчөмүндөгү максималдуу көрсөткүчкө чейин жогорулатуунун эсебинен Улуттук банк тарабынан 8,5 млрд. сомго чейин көбөйтүлгөн, ал эми жүгүртүү мөөнөтү 7 жана 14 күндүк ноталарды сунуштоо, тескерисинче азайган. Кирешелүүлүктүн уланып жаткан өсүшүнүн алкагында, кароого алынып жаткан мезгилде инвесторлор тарабынан суроо-талаптын жогорулоосу байкалган, ал суммардык маанисинде эмиссиялоонун көлөмүнө дээрлик жеткен. Кагаздардын түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн көрсөткүчүнүн өсүшү ноталардын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүктүн 2011-жылдын үчүнчү чейрегине салыштырганда көбөйүүсүнө шартталган. Көбүнчө, жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 7,4 пайызды түзүү менен 1,0 п.п. өскөн, 14 күндүк ноталар – 0,3 п.п., 8,5 пайызга чейин, 28 күндүк ноталар – 0,3 п.п., 13,5 пайызга чейин өскөн. 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөргө салыштырганда жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 3,2 п.п., 14-күндүк ноталардыкы 4,2 п.п., 28-күндүк ноталардыкы 8,7 п.п.көбөйгөн.

**1.2.3-сүрөт. Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүк динамикасы**




Декабрь айынын акырына карата эсептик чен жыл башынан бери 8,1 п.п. жогорулоо менен 13,6 пайызды түзгөн. Натыйжада, «овернайт» кредиттери боюнча чен да чейрек ичинде орточо алганда 16,3 пайызды түзүү менен өскөн, ал эми бир мезгил ичинде берилген «овернайт» кредиттеринин көлөмү 228,7 млн. сом чегинде катталган.

МКОго карата суроо-талаптын жогорулашынан улам, төртүнчү чейректе 5 аукцион өткөрүлгөн, ошондой эле сатуунун суммардык көлөмү 1,3 млрд. сом болгон үч кошумча жайгаштыруу да ишке ашырылган. Мында, сунуштун көлөмү бир аукциондо орточо алганда 159,4 млн. сомго чейин төмөндөгөн. Натыйжада, МКОлордун кирешелүүлүгүнүн орточо мааниси

төртүнчү чейректе 17,1 пайыз (-0,9 п.п.) чегинде катталган. 2010-жылдын тиешелүү мезгилине карата МКОнун кирешелүүлүгү 1,8 п.п. төмөндөгөн.

Отчеттук чейректе Финансы министрлигинин векселдерин сунуштоо көлөмү МКВлардын биринчилик рыногунда 2011-жылдын башталышынан тартып бүтүндөй мезгил ичинде минималдуу деңгээлге чейин төмөндөгөн. Инвесторлордун төмөндөөгө ык койгон жигердүүлүгүнүн алкагында баалуу кагаздар боюнча кирешелүүлүктүн орточо көрсөткүчү 13,9 пайызга (-3,0 п.п.) чейин түшкөн. Мында, жүгүртүү мөөнөтү 3 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү 7,2 пайызды түзүү менен 2,0 п.п., 6 айлык МКВлардыкы–0,6 п.п., 13,3 пайызга чейин, 12- айлык МКВлардыкы–2,7 п.п., 15,0 пайызга чейин төмөндөгөн. 2010-жылдын тиешелүү чейрегине салыштырганда МКВлардын кирешелүүлүгүнүн жалпы деңгээлинин көрсөткүчү жүгүртүү мөөнөтү 3 жана 6 айлык МКВлар сегментинде кирешелүүлүктүн, тиешелүүлүгүнө жараша 2,2 жана 4,0 п.п. жогорулоосунун эсебинен 0,8 п.п көбөйгөн, ал эми жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү 0,9 п.п. төмөндөгөн.

**1.2.4-сүрөт. МКВнын кирешелүүлүк динамикасы**




Банктар аралык кредиттик ресурстардагы муктаждык банк тутумунда үстөк сом ликвиддүүлүгүнүн көлөмүнүн тиешелүү өзгөрүүлөрүнүн таасири астында калыптанган. Алсак, 2011-жылдын үчүнчү чейрегине салыштырганда улуттук валютадагы ликвиддүүлүк деңгээлинин төмөндөөсү ишке ашырылган операциялардын санынын көбөйүүсү түрүндө сыяктуу эле, банктар аралык кредиттөөнүн көлөмүнүн өсүшүнүн эсебинен көрүнгөн, карыз алуулар рыногунда жигердүүлүктүн жогорулоосуна таасирин тийгизген. Мында, улуттук валютадагы стандарттык кредиттерди эске албаганда, берилүүчү карыздын бардык түрлөрү боюнча суроо-талаптын жогорулоосу белгиленген, бул өз кезегинде, сом түрүндөгү ресурстардын наркынын жогорулоосуна таасирин тийгизген.

Улуттук валютадагы карыз алуулардын суммардык көлөмү кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногунда өткөн чейректеги тиешелүү көрсөткүчкө салыштарганда 40,6 пайызга жогорулоо менен 1,8 млрд.

сомду түзгөн. Калыптанган тажрыйбага ылайык, бүтүмдөрдүн негизги бөлүгү же 1,7 млрд. сом (+66,0 пайыз) репо-операциялар сегментинде ишке ашырылган. Сом түрүндөгү кредиттик операциялардын көлөмү 101,0 млн. сом өлчөмүндө (-62,7 пайыз) түптөлгөн. Кароого алынып жаткан мезгилде репо операциялары боюнча пайыздык чендин орточо алынган мааниси 0,2 п.п., 10,6 пайызга чейин, кредиттик операциялар боюнча 2,0 п.п., 10,7 пайызга чейин өскөн. 2010-жылдын тиешелүү чейрегиндеги орточо салмактанып алынган пайыздык ченге салыштырганда репо жана жөнөкөй кредиттик операциялар боюнча чендер 5,6 п.п. өскөн.

Кредиттик ресурстардын ички банктар аралык рыногунда чет өлкө валютасындагы бүтүмдөрдүн ишке ашырылбагандыгы менен мүнөздөлгөн 2011-жылдын үчүнчү чейрегинен айырмаланып, мындай бүтүмдөрдүн чогуу алгандагы көлөмү кароого алынып жаткан мезгил ичинде жылдык 4,0 пайыз орточо пайыздык чени менен 22,6 млн. сомду түзгөн.

## 1.3. Тышкы экономикалык шарттар

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы 2010-жылдын төртүнчү чейрегиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 36,4 пайызга көбөйүү менен 2011-жылдын төртүнчү чейрегинде 557,5 млн. АКШ долларын түзгөн.

Тышкы соода жүгүртүү 2010-жылдын ушундай эле мезгилине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде 21,8 пайызга өсүү менен 1 892,5 млн. АКШ долларын түзгөн.

**1.3.1-сүрөт. Тышкы соода**




Товарлардын экспорту (ФОБ баасында) 2010-жылдын төртүнчү чейрегине салыштырганда 16,6 пайызга көбөйүү менен кароого алынып жаткан мезгил ичинде 667,5 млн. АКШ доллар чегинде катталган. Мурдагыдай эле, экспорттун негизги үлүшү алтынды берүүлөргө туура келген, анын экспортунун көлөмү 5,6 пайызга көбөйгөн жана 244,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Мындан тышкары, электрэнергиясын, жемиштерди,

авиакеросинди, кийимди жана ага тиешелүү буюмдарды, атайын багытка каралган автомобилдерди, чоюнду жана болотту, ошондой эле кездемелерди экспорттук берүүлөрдүн өсүшү белгиленген. Ушуну менен катар эле, сүттү жана сүт азыктарын, жашылчаларды жана автомобиль тетиктерин жана ага тиешелүү буюмдарды, пахтаны, металл калдыктарын жана башка органикалык эмес заттарды берүүлөрдүн төмөндөөсү катталган.

Экспорттолуучу товарлардын негизги топторунун салыштырма салмагы[1] төмөнкүчө түптөлгөн: аралык товарлар экспорттун чогуу алгандагы көлөмүнүн 59,3 пайызын, керектөө товарлары – 19,0 пайызын, энергопродукциялар – 9,1 пайызын, чийки заттар жана инвестициялык товарлар – тиешелүүлүгүнө жараша 6,4 жана 6,2 пайызын түзгөн.

Керектөө багытындагы товарлардын экспорту 1,1 пайызга өсүү менен 104,5 млн. АКШ доллар чегинде катталган. Мындай көбөйүү азык-түлүктөн башка товарларды берүүлөрдүн 9,0 пайызга өсүшү менен камсыз болгон, ал эми азык-түлүк товарларын берүүлөр 4,3 пайызга төмөндөгөн.

Азык-түлүк товарлар түзүмүндө экспорттук баанын көбөйүүсүндө берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн кыскаруусунун натыйжасында, сүттүн жана сүт азыктарынын (43,3 пайызга же 3,0 млн. АКШ долларына), жашылчалардын (3,7 пайызга же 1,2 млн. АКШ долларына), кофенин жана чайдын (19,2 пайызга же 0,3 млн. АКШ долларына) экспортунун көлөмүнүн көбөйүүсү белгиленген. Мындан тышкары, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн кыскаруусу экспорттук баанын төмөндөөсү менен катар эле кантты (40,7 пайызга же 0,5 млн. АКШ долларына), сырды жана быштакты (38,2 пайызга же 0,5 млн. АКШ долларына) берүүлөрдүн төмөндөөсүн шарттаган.

Ушуну менен катар эле, жемиштердин экспортунун 40,1 пайызга (3,7 млн. АКШ долларына) жана алкоголсуз ичимдиктердин 2,0 эсеге (0,9 млн. АКШ долларына) өсүшү белгиленген.

Азык-түлүктөн башка товарлардын түзүмүндө экспорттун өсүшү кийим жана ага тиешелүү буюмдар (7,6 пайызга же 1,8 млн. АКШ долларына), ысытуу лампалары (17,4 пайызга же 1,0 млн. АКШ долларына) жана жеңил автомобилдер (69,3 пайызга же 0,6 млн. АКШ долларына) сыяктуу товардык позициялар боюнча байкалган. Мында, бут кийимди берүүлөрдүн кыскаруусу (14,3 пайызга же 0,1 млн. АКШ долларына) белгиленген.

Товарлардын импорту[2] ФОБ баасында 2011-жылдын төртүнчү чейрегинде 24,9 пайызга өсүү менен 1 225,0 млн. АКШ долларын түзгөн. Мунайзаттары, автомобилдер, чоюн жана болот, кант жана буудай уну импорттун динамикасын аныктаган негизги статьялардан болушкан. Белгиленген статьялардын ичинде мунай заттары (41,6 пайызга же 97,6 млн. АКШ долларына өзгөргөн) көбүрөөк өзгөрүүгө дуушар болгон. Келип

[1] Мында жана мындан ары: кошумча баа берүүлөрдү эске албаганда, КР УСК жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

[2] СИФ импорту 1 330,7 млн. АКШ долларын, соода балансынын тартыштыгы – 663,2 млн. АКШ долларын түзгөн.

түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн олуттуу көбөйүүсүнөн улам, дизель отунунун (86,4 пайызга же 42,2 млн. АКШ долларына), авиакеросиндин (72,2 пайыга же 42,5 млн. АКШ долларына) жана автомобиль бензининин (17,7 пайызга же 18,3 млн. АКШ долларына) импортунун нарктык көлөмү өскөн.

Функционалдык түзүмгө ылайык[1], кароого алынып жаткан мезгил ичинде керектөө товарлары (импорттун чогуу алгандагы көлөмүнөн 33,9 пайыз), энергопродукциялар (28,4 пайыз), аралык (20,3 пайыз) жана инвестициялык товарлар (14,0 пайыз) импорттук операцияларда эң ири товардык категориялардан болушкан.

Отчеттук мезгилде керектөө багытындагы товарлардын импорту 19,3 пайызга көбөйүү менен 451,1 млн. АКШ долларына жеткен. Мында, азык-түлүк товарлары сыяктуу эле (+20,2 пайыз), азык-түлүктөн башка товарлардын түшүүлөрүнүн да (+18,8 пайыз) өсүшү белгиленген.

Азык-түлүк товарлар түзүмүндө импорттук баалар сыяктуу эле, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн да өсүшүнүн натыйжасында, канттын импорту нарктык мааниде 2,3 эсеге (9,0 млн. АКШ долларына) өскөн. Ошондой эле, жана башка тамак-аш азыктарынын (83,1 пайызга же 4,6 млн. АКШ долларына) жана өсүмдүк майынын (5,9 пайызга же 0,9 млн. АКШ долларына) импортунун көлөмү да – негизинен импорттук баалардын өсүшүнүн эсебинен көбөйгөн. Буудай унунун импорту (2,9 эсеге же 6,1 млн. АКШ долларына) өскөн, ал Россия Федерациясынын аймагынан дан эгиндерин жана унду ташып чыгарууга тыюу салуунун жокко чыгарылышы жана Казакстандын аймагынан дан эгиндерин жана унду экспорттоого 2010-жылы дан эгиндеринен начар түшүм алынып калгандыгынын алкагында киргизилген чектөөлөрдүн алынып салынгандыга менен шартталган. Ушуну менен катар эле, келип түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн кыскаруусу кофенин жана чайдын (19,2 пайызга же 4,8 млн. АКШ долларына), жемиштердин (6,0 пайызга же 0,6 млн. АКШ долларына) жана алкоголсуз суусундуктардын (2,8 пайызга же 0,2 млн. АКШ долларына) импортунун нарктык көлөмүнүн төмөндөөсүнө шартталган.

Азык-түлүктөн башка товарлар түзүмүндө түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүүсү сыяктуу эле, импорттук баалардын өсүшүнүн натыйжасында, дары-дармектердин (13,0 пайызга же 4,3 млн. АКШ долларына) түшүүлөрүнүн өсүшү белгиленген. Импорттук баалардын төмөндөөсүндө физикалык көлөмдүн олуттуу өсүшү тамекинин (38,6 пайызга же 3,1 млн. АКШ долларына) түшүүлөрүнүн көбөйүүсүн шарттаган. Ушуну менен катар эле, келип түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн олуттуу кыскаруусунун натыйжасында, телефон аппараттарынын (13,1 пайызга же 2,7 млн. АКШ долларына) жана эфир майларынын (8,2 пайызга же 1,6 млн. АКШ долларына) импорту төмөндөгөн. Мындан тышкары, кийимдин

[1] Мында жана мындан ары СИФ баасында, Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда, КР УСК жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

жана кийимге тиешелүү буюмдардын (22,5 пайызга же 12,1 млн. АКШ долларына) жана бут кийимдин (12,1 пайызга же 1,8 млн. АКШ долларына) импорттук түшүүлөрүнүн төмөндөөсү белгиленген.

## 1.4. Алмашуу курсу

2011-жылдын төртүнчү чейрегинде август айынан тартып өсүшкө ык койгон тенденциянын сакталып калышынан улам жана банктардын кардарлардын импорттук контрактыларын тейлөө операциялары боюнча көлөмүнүн көбөйүүсүнө, ошондой эле керектөө жигердүүлүгүнүн сезондук жогорулоосуна шартталган, АКШ долларынын алмашуу курсунун бир аз жогорулоосу байкалган. Ноябрда өсүштүн тиешелүү көрсөткүчү чейрек ичинде 2,7 пайыз максималдуу мааниге жеткен, бирок 2011-жылдын акыркы айында анын 0,7 пайызга бир аз төмөндөөсү жүргөн (2010-жылдын ушундай эле мезгилинде алмашуу курсу 0,5 пайызга өскөн), бул рынокто АКШ долларын сунуштоонун көбөйүүсүнөн улам келип чыккан.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк, алмашуу курсунун олуттуу өзгөрүүсүн текшилөө максатында, АКШ долларын сатып алуу жана сатуу боюнча операциялар менен банктар аралык валюта тооруктарына катышкан. Улуттук банк, валютага суроо-талаптын жогорулоосунун алкагында АКШ долларын сатуу боюнча операциялардын көлөмүн өткөн чейрекке салыштырганда 42,8 пайызга, 111,6 млн. АКШ долларына чейин көбөйткөн. Ошол эле учурда, АКШ долларын сатып алуу боюнча операциялардын көлөмү 60,7 пайызга, 16,8 млн. АКШ долларына чейин (2010-жылдын төртүнчү чейрегине салыштырганда Улуттук банктын сатып алуу боюнча операцияларынын көлөмү 70,1 пайызга, ал эми сатуу боюнча – 91,8 пайызга көбөйгөн). Ошентип, таза сатуунун көрсөткүчү бир мезгил ичинде 94,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Улуттук банктын интервенциялар валютасы болуп АКШ доллары саналган, ал эми башка валютадагы операциялар ишке ашырылган эмес.

АКШ долларынын эсептик чени чейрек ичинде 3,3 пайызга жогорулоо менен декабрь айынын акырына карата 46,4847 сом/АКШ долларын түзгөн (2010-жылдын төртүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча доллардын эсептик чени чейрек ичинде 1,0 пайызга көбөйүү менен 47,0992 сом/АКШ доллар чегинде катталган).

**1.4.1-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүш арымы**



# 2-глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр

## 2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына иликтөөлөр

2011-жылдын декабрь айында инфляциянын жылдык мааниси (2010-жылдын декабрына карата) 5,7 пайызды түзгөн, ал эми 2010-жылдын ушул эле мезгили ичинде бул көрсөткүч 19,2 пайыз чегинде катталган эле. Керектөө бааларынын индексинин өсүшүнө эң чоң салымды азык-түлүктөн башка товарларга баанын өсүшү кошкон (2,4 п.п.). Товарлардын бул тобу жылдык маанидe алганда 9,2 пайызга кымбаттаган. Азык-түлүк товарларына баа 3,5 пайызга, алкоголдук ичимдиктерге жана тамеки заттарына – 9,8 пайызга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө - 11,1 пайызга жогорулаган.

2011-жылы негизги азык-түлүктөргө (нан азыктарына жана талкандарга, жашылча-жемиштерге, этке, кантка) баанын өсүшүнүн кыйла басаңдоосу, ошондой эле азык-түлүктөн башка товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баанын алгылыктуу чекте жогорулоосу байкалган, мына ушулардын өзү баа динамикасын аныктаган негизги факторлордун биринен болгон.

**2.1.1-сүрөт. КБИнин жылдык динамикасы жана аны түзүүчүлөр**




2011-жылдын төртүнчү чейреги ичинде керектөө бааларынын индекси 101,2 пайыз чегинде катталган (ал эми 2010-жылдын төртүнчү чейрегинде – 105,9 пайызды түзгөн). Тамак-аш азыктарына баа индекси 99,8 пайызды, алкоголдук ичимдиктерге жана тамеки заттарына – 103,6 пайызды, азык-түлүктөн башка товарларга – 103,5 пайызды, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө – 101,4 пайызды түзгөн.

### 2.1.1. Азык-түлүктөргө баа динамикасы

Азык-түлүк товарларына баа жылдык маанидe алганда 2011-жылдын декабрь айынын жыйынтыгы боюнча 3,5 пайызга жогорулаган (2010-жылдын

тиешелүү мезгили ичинде жылдык мааниде алгандагы баа 27,0 пайыз чегинде катталган эле), «нан азыктары жана талкандар» товардык тобунун баасы 0,5 пайызга төмөндөгөн, анын ичинде биринчи сорттогу буудай унунун баасы 3,2 пайызга төмөндөгөн. Мында, 2011-жылдын төртүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча нан азыктары жана талкандар негизинен өндүрүүчү өлкөлөрдө дан эгининен мол түшүм алынгандыгынан улам дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктордогу баанын төмөндөшү таасири астында 6,7 пайызга арзандаган. Сүт азыктарына баа жылдык мааниде алганда 8,9 пайызга, ал эми жашылчаларга 14,9 пайызга төмөндөгөн.

**Рис. 2.1.2. Годовая динамика цен на продовольственные товары**




Ал эми өткөн жылдын төртүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча жашылча-жемишке баалар 20,4 пайызга, анын ичинде мөмө-жемишке баа 13,9 пайызга өсүп, жашылчалар 23,1 пайызга кымбаттаган. Ошентип, «жашылча-жемиштер» товардык тобу жылдык мааниде алганда 14,9 пайызга арзандаган: мөмө жемишке баа 12,6 пайызга төмөндөгөн болсо, жашылчалар 15,7 пайызга арзандаган.

Дүйнөлүк коньюктуранын алкагында кантка баанын төмөндөшү уланган (төртүнчү чейрек ичинде – 17,9 пайыз). Бул азыкка баа жылдык мааниде алганда 8,6 пайызга төмөндөгөн болсо, 2010-жылдын декабрь айында кантка баа жылдык мааниде 22,5 пайызга өскөн эле.

Негизги өндүрүүчү өлкөлөрдө май алынуучу өсүмдүктөрдөн жакшы түшүм алынган болсо да, азык-түлүктүн бул түрүнө дүйнөлүк баа төмөндөгөн, ушунун өзү майга жана тоң майларга ички баанын өсүш арымын басаңдаткан. Май алынуучу өсүмдүктөрдүн ички рыногунда 2011-жылы бул өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгү 2010-жылдагы салыштырганда 3,2 пайызга төмөндөп кетишинен улам, ичтен өндүрүлгөн продукцияны сунуштоо төмөндөгөн. Бүтүндөй алганда, 2011-жылдын декабрь айынын жыйынтыгына ылайык, «майлар жан тоң майлар» тобу боюнча баанын

жылдык өсүш арымы, 2011-жылдын сентябрь айынын акырындагы 19,2 пайыздык жана декабрь айынын жыйынтыгы боюнча 37,8 пайыздык өсүшкө караганда 5,7 пайыз чегинде катталган.

Өткөн жылдын төртүнчү чейрегинде сүт азыктарына керектөө баасынын жогорулоосу катталып, ал 11,6 пайызды түзгөн. Жылдык өлчөөдө сүт азыктары 8,9 пайызга кымбаттаган, бул ошол сентябрь айындагы тиешелүү көрсөткүчтөн 2,8 пайыздык пунктка жана 2010-жылдын декабрь айындагы көрсөткүчтөн 3,2 пайыздык пунктка төмөн. Сүт азыктарына баанын 2011-жыл ичинде өсүшүнүн басаңдоосу сүт азыктарынын импортунун баасынын төмөндөшү жана сүттү жана сүт азыктарын экспорттоо көлөмүнүн кыскарышы менен шартталган.

2011-жылдын декабрь айынын жыйынтыгы боюнча эт азыктарына баа экспорттук баанын өсүшүнүн натыйжасында 24,5 пайызга өскөн (2011-жылдын январь-ноябрь айлары ичинде эт азыгына орточо экспорттук баа 2011-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 40,8 пайызга өскөн. Өктөн жыл ичинде этке баанын орточо айлык өсүшү 1,9 пайыз чегинде белгиленген.

### 2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы

Азык-түлүктөн башка товарларга баа индексинин өсүшү жылдык мааниде 9,2 пайызды түзгөн, бул 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 5,0 пайыздык пунктка төмөн. Алсак, кийим-кечеге жана бут кийимге баа, эркектердин жана балдардын кийим-кечесинин тиешелүүлүгүнө жараша 10,8 жана 11,9 пайызга кымбатташынын эсебинен 12,9 пайызга жогорулаган. Мындан тышкары, «электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» тобу боюнча жылдык мааниде алганда баанын 2,1 пайызга жогорулоосу катталган. Ал эми «үй-тиричилигине керектүү буюмдар жана тиричилик техникасы» тобу боюнча баанын өсүшү катталып, ал 11,6 пайызды түзгөн. Мындай динамиканын калыптанышынын негизги себебинен болуп эмеректин жана тактайга төшөлүүчү матералдардын 15,4 пайызга, ошондой эле тиричилик текстиль буюмдарынын 10,6 пайызга кымбатташы болгон. Күйүүчү-майлоочу материалдардын (КММ) наркы жылдык мааниде алганда 1,9 пайызга төмөндөгөн, анын ичинде бензинге баа 1,6 пайызга азайган, ал эми дизель отунуна баа 2,4 пайызга өскөн. 2011-жылдын 4-чейреги ичинде күйүүчү-майлоочу материалдарга баа 1,4 пайызга көбөйүп, анын ичинде бензин 1,5 пайызга кымбаттап, дизель отунга 1,3 пайызга өскөн.

**2.1.3-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын жылдык динамикасы**




## 2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баа индекси жылдык өлчөөдө 11,1 пайызга өскөн (2010-жылдын ушул эле мезгилинде 11,9 пайыз чегинде катталган эле). Бул топ боюнча индекстин өсүшү эң башкысы тойканалардын жана мейманканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн 14,8 пайызга, транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн (+10,8 пайызга) жана эс алууну уюштуруу жагындагы кызмат көрсөтүүлөрдүн (+11,1 пайызга) кымбатташынын эсебинен жүргөн. Жаңы окуу жылынын баш жагынан бери билим берүү кызмат көрсөтүүсүнүн наркынын жогорулоосу байкалып, ал жылдык мааниде алганда 16,3 пайызды түзгөн. Саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрү 10,0 пайызга кымбаттаган.

**2.1.4-сүрөт. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө карата баалардын жылдык динамикасы**



### 2.1.4. Аймактардагы керектөө бааларынын динамикасы

2011-жылдын декабрь айынын жыйынтыгы боюнча республиканын бардык областтарында керектөө бааларынын жалпы деңгээлинин өсүш арымынын басаңдоосу байкалган. Баткен жана Ош областтарында баа тиешелүүлүгүнө жараша, 11,4 жана 9,1 пайызды, Жалал-Абад областында 10,0 пайызга, Талас областында 10,8 пайызга жогорулаган. Чүй жана Ысык-Көл областтарында баа, тиешелүүлүгүнө жараша 6,4 жана 2,8 пайызга өскөн. Азык-түлүк товарларына баанын төмөндөшү баанын жалдык деңгээлинин өсүшүнүн басаңдашына түрткү берген негизги фактордон болгон.

Республиканын борборунда баанын 4,0 пайызга өсүшү катталган, мында тамак-аш азыктары 3,4 пайызга, алкоголдук ичимдиктер, тамеки заттары - 9,2 пайызга, азык-түлүктөн башка товарлар - 4,7 пайызга жана акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр - 7,0 пайызга кымбаттаган.

**2.1.5-сүрөт. Региондордогу КБИнин жылдык динамикасы**
*пайыздар*




## 2.2. Базалык инфляция

Базалык инфляция баанын кыска мөөнөттүк, структуралык жана сезондук өзгөрүүсүн эске албаганда, баа динамикасынын көрсөткүчү катары аныкталат, башкача айтканда мында инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн түшүмдүүлүктүн начарлыгы, КММ рыногунда баанын таасири тарифтерди административдик өзгөртүү ж.б. сыяктуу сезондук же тышкы факторлор менен шартталган товарларга баанын өсүшү эске алынбайт.

Төмөндө жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептелинген базалык инфляция динамикасы чагылдырылган. Бул ыкма баалары бир жолку жана/же кыска мөөнөттүк мүнөздөгү таасирлерге ийкемдүү болгон товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн белгилүү бир категорияларын же бүтүндөй тобун КБИден алып салууну болжолдойт. Адатта, буларга айрым азык-түлүк товарлары, энергопродукциялар жана өкмөт тарабынан административдик жол менен белгиленген тарифтер кирет.

2010-жылдын апрель айынан тартып Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети (УСК) базалык инфляцияны жөнөкөй алып салуу ыкмасында (2010-жылдын 29-апрелинде бекитилген №9 ыкмага ылайык)

эсептөөнү баштаган. Эсептөөдө сүт, кант, жашылча-жемиштин айрым түрлөрү, алкоголдук-тамеки продукциялары, КММ, «электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, эл ташуу транспортун, байланыш кызмат көрсөтүүлөрү ж.б. сыяктуу товарлар эске алынбайт. Бүтүндөй алганда эске алынбаган товарлардын үлүшү, жалпы керектөө куржунунун 25 пайызын түзөт.

Улуттук статистика комитетинин ыкмасы боюнча базалык инфляция мааниси 2011-жылдын декабрь айынын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде алганда 8,7 пайызды түзгөн болсо, «арылтылбаган» инфляция - 5,7 пайыз чегинде катталган. Бул жерде ошондой эле, ЭВФтин ыкмасы боюнча эсептелинген базалык инфляция 4 көрсөткүчүнүн графикалык чагылдырылышы азык-түлүк рыногундагы түптөлгөн жагдай, республикада керектөө баа динамикасын аныктоочудан болгондугун тастыктаган. Бул көрсөткүч туруктуу динамикага жана маанилердин анча чоң эмес дисперсиясына ээ.

**2.2.1-сүрөт. Базалык инфляциянын эсептик көрсөткүчүнүн жылдык динамикасы**




Базалык инфляция 1 – мында товарлардын бул түрлөрү эске алынбайт: (1) нан ызыктары жана талкандар, (2) майлар жана тоң майлар, (3) жашылча-жемиштер, (4) газ, (5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 2 – мында товарлардын бул түрлөрү эске алынбайт: (1) эт, (2) жашылча-жемиштер, (3) газ, (4) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 3 – мында товарлардын бул түрлөрү эске алынбайт: (1) нан ызыктары жана талкандар, (2) сүт азыктары, (3) жашыл-жемиштер, (4) газ, (5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 4 – азык-түлүк товарлары толугу менен жана электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү эске алынбайт.

Базалык инфляция УСК – мында, сүт, кант, мөмө-жемиштер жана алкоголдук-тамеки заттары, КММ, «электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү», эл ташуучу транспорт кызмат көрсөтүүлөрү, байланыш жана айрым башка түрлөрү эске алынбайт.

# 3-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты маселери боюнча чечимдери

## 3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

Бул жерде Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2011-жылдын 4-чейрегинде акча-кредит саясаты боюнча кабыл алынган негизги чечимдердин тизмеги чагылдырылган:

1. Учурда түптөлгөн жагдайга баа берүү, ошондой эле акча-кредит саясатын жүргүзүү сценарийлерин иштеп чыгуу үчүн Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 28-ноябрында 2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичиндеги акча-кредит саясат жөнүндө отчет, ошондой эле келээрки мезгилге акча-кредиттик программа кароого алынып, кубаттоого ээ болгон (№66/1 токтом менен). 2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичиндеги акча-кредит саясаты жөнүндө кыскартылган отчет маалымат ирээтинде Жогорку Кеңешине, Президенттин Аппаратына, Өкмөттүн Аппаратына, Финансы министрлигине жана Экономиканы тескөө министрлигине жөнөтүлүп, Улуттук банктын расмий веб-сайтына жайгаштырылган.
2. Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2011-жылдын 14-декабрында Акча-кредит саясатынын 2012-2014-жылдарга негизги багыттары жактырылган, анда акча-кредит саясатынын орто мөөнөткө каралган максаттары аныкталган. Документти иштеп чыгууда дүйнөлүк финансылык жана товардык рыноктордо түптөлгөн тенденциялар, экономиканын орто мөөнөттүк мезгил аралыгында өнүгүшүнө таасир эткен ички жана тышкы факторлор орун алышы мүмкүн болгон потенциалдуу тобокелдиктер, мамлекеттик финансы сектору боюнча болжолдоолор, Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө орто мөөнөттүк болжолдоолор, өлкөнү орто мөөнөттүк мезгил ичинде өнүктүрүү программасы 2011-2014-жылдарга экономикалык жана финансылык саясат жөнүндө меморандум эске алынган. Документтин кыскартылган варианты маалымат ирээтинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Президенттин Аппаратына, Өкмөттүн Аппаратына жөнөтүлүп, Улуттук банктын расмий веб-сайтында жайгаштырылган (№68/1 токтом менен).
3. Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2011-жылдын 14-декабрында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2012-жылга акча-кредит саясат жөнүндө билдирүүсүнүн тексти жактырылып (№68/2 токтом), анда акча-кредит саясатынын сандык көрсөткүчү (инфляция деңгээли) көрсөтүлүп Улуттук банктын негизги иш багыты чагылдырылган. Документ, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын 2012-жылдагы экономикалык саясат боюнча биргелешкен билдирүүсүн даярдоо үчүн Кыргыз

Республикасынын Өкмөтүнүн аппаратына жана Экономикалык тескөө министрлигине жөнөтүлгөн.

4. Экинчилик рыногунда МКВ менен операцияларды жүргүзүү тартибин жөнгө салуу максатында, 2011-жылдын 14-декабрында Улуттук банк Башкармасынын №68/4 токтому менен Улуттук банк Башкармасынын 1998-жылдын 10-мартындагы №3/3 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын электрондук тоорук системасы аркылуу экинчилик рыногунда МКВ менен операцияларды жүргүзүүнүн убактылуу тартибине толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилген.

## 3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети (мындан ары - Комитет) акча-кредит чөйрөсүндө негизги чечимдерди иштеп чыгуу жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Комитетте чечимдер жума сайын кабыл алынып турат жана алар акча рыногунда түптөлгөн жагдайга баа берүүнүн натыйжасына негизденет. Банк тутумунда 2011-жылдын 4-чейрегинде ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялардын көлөмү Комитет, Улуттук банк Башкармасы тарабынан Акча-кредит саясатынын 2011-2013-жылдарга негизги багыттарында кийинки мезгилге карата акча-кредиттик программада көрсөтүлгөн максаттарга жана милдеттерге жараша банк тутумундагы жана салык-бюджет чөйрөсүндө түптөлгөн жагдайды эске алуу менен аныкталган.

2011-жылдын 4-чейрегинде комитеттин 14 отуруму өткөрүлүп, анда кабыл алынган чечимдер, Улуттук банктын ноталарынын аукциондорун жума сайын өткөрүү, ошондой эле коммерциялык банктардын үстөк камдарын кошумча жеңилдетүү максатында, репо шарттарында мамлекеттик баалуу кагаздарды сатуу боюнча операциялар аркылуу, банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салууга багытталган.

Экономикада инфляциялык процесстердин 2011-жылдын 3-чейрегинде түптөлө баштаган басаңдоосуна байланыштуу комитет, жүгүртүүдөгү ноталардын индикативдик көлөмүн 3-чейректин акырындагы 1,7 млрд. сом деңгээлинен жылдын 4-чейрегинин акырындагы 1,5 млрд. сомго чейин төмөндөтүү чечимин кабыл алган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү 6,9 млрд. сомду, ал эми репо шарттарында мамлекеттик баалуу кагаздарды сатуу көлөмү 674,9 млн. сомду түзгөн. Улуттук банктын ноталарынын жүгүртүүдөгү көлөмү өткөн жылдын декабрь айынын акырындагыга карата 1,4 млрд. сом чегинде катталган. Улуттук банктын АКШ долларын таза сатуусу отчеттук мезгил ичинде, сом эквивалентин 4,4 млрд. сомду түзгөн.

# 4-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоолор

## 4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасын болжолдоолор

Дүйнөлүк экономикада макроэкономикалык дисбаланстын жогорку тобокелдикте кармалып турушу жана соода-сырьелук рыноктордо баа динамикасынын жогорулоо жагына ыкташы, ошондой эле өлкөнүн экономикалык стратегиясындагы (өзгөчө мамлекеттик бюджет жана ири инвестициялык долбоорлорду каржылоо бөлүгүндө) айрым бир ачык эместик республиканын макроэкономикалык параметрлерин кыска жана орто мөөнөт аралыгына болжолдоодо ачык аныкталбагандыкты таңуулоодо.

Негизинен, 2012-жылга экономикалык болжолдоолор ишкердик жигердүүлүктү эң аз дегенде, потенциалдуу деңгээлде сакталып калышын, демек калктын кирешелеринин өсүшүн болжолдоого мүмкүндүк берет, албетте ушунун өзү керектөө чыгашаларынын артышына түрткү берет.

Кыргызстандын экономикасы үчүн 2012-жылы тышкы экономикалык мүнөздөгү бир катар тобокелдиктер орун алышы ыктымал, булар: Кыргызстандын Бажы союзуна өтүү шарттарынын аныкталбагандыгы (соода жүргүзүү шарттарын андан ары өнүктүрүүдөгү белгисиздик), дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктордо баа динамикасынын жогорулап жатышы, дүйнөлүк экономикада кайталап рецессиянын жүрүшү тобокелдиги. Мына ушундай факторлордун терс кесепеттери Кыргызстандын экономикалык өнүгүү жигерин олуттуу басаңдатышы мүмкүн, анткени өлкөдөгү экономикалык өсүш соода жагынан негизги өнөктөш өлкөлөрдүн өнүгүшүнө жараша калыптанат. Мында, орто мөөнөттүк келечекте ички дүң өнүмүнүн өсүшүнө негизги салымды албетте, экспортко багыт алган тармактардан (өнөр жайы жана соода) күтүлөт.

Жогоруда белгиленген факторлорду эске алып, ошондой эле бир кыйла туруктуу тышкы экономикалык коньюктураны жана өлкөдөгү социалдык-саясый жагдайга жараша Улуттук банк, 2012-жылга ички дүң өнүмүн болжолдоолорду иштеп чыккан. Негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн прогнозу экономиканын эки сценарийде өнүгүшүн карайт. Биринчи сценарийге ылайык 2012-жылы ИДӨнүн өсүшү 5,0 пайызды, ал эми дефлятордун көбөйүүсү – 7,0 пайызды түзөт. Ошентип, 2012-жылы ИДӨнүн номиналдык көлөмү 306,9 млрд. сом деңгээлинде күтүлөт. Кыргызстанда 2012-жылы ИДӨнүн өсүшүнө негизги салым кызмат көрсөтүү, өнөр жайы жана курулуш чөйрөсүнүн ишканаларынын эсебинен жүрүшүнөн күтүлөт.

**4.1.1-таблица. Экономика тармактары боюнча 2012-жылга ИДӨ болжолдоолору (биринчи сценарий)**

| | так маалыматтар | | | эсептешүүчү маалыматтар | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | салыштыры-луучу баалар, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | салым, *пайыздар* | салыштыры-луучу баалар, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | салым, *пайыздар* |
| | 2011-ж. | | | 2012-ж. | | |
| Айыл чарбасы, мергенчилик ж-а токой чарбасы | 39 343,7 | 2,3 | 0,4 | 50 475,1 | 2,5 | 0,5 |
| Өнөр жайы | 51 125,6 | 12,1 | 2,5 | 61 314,1 | 8,5 | 1,8 |
| *Тоо-кендерин казып алуу өнөр-жайы* | *1 725,3* | *24,6* | *0,2* | *2 450,5* | *10,0* | *0,1* |
| *Кайра иштетүү өнөр жайы* | *41 018,6* | *9,8* | *1,7* | *49 488,9* | *8,0* | *1,3* |
| *анын ичинде «Кумтөр»* | *26 441,4* | *6,2* | *0,7* | *33 788,6* | *4,0* | *0,5* |
| *Э/энергияны, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү* | *8 381,7* | *22,4* | *0,7* | *9 374,7* | *11,0* | *0,3* |
| Курулуш | 11 695,6 | -3,9 | -0,2 | 14 516,4 | 9,0 | 0,4 |
| Соода | 37 645,5 | 7,0 | 1,1 | 46 488,3 | 6,0 | 1,0 |
| Транспорт жана байланыш | 20 748,7 | 9,8 | 0,8 | 23 587,8 | 5,0 | 0,4 |
| Жана башкалар | 48 464,2 | 2,0 | 0,4 | 57 504,6 | 2,0 | 0,4 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 23 869,6 | 5,7 | 0,6 | 32 918,4 | 5,0 | 0,6 |
| **ИДӨ** | **232 892,9** | **5,7** | **5,7** | **286 804,9** | **5,0** | **5,0** |
| **Кумтөрдөн тышкары, ИДӨ** | **206 451,5** | **5,6** | **-2,1** | **253 016,3** | **5,2** | **5,2** |
| *Маалымат үчүн* | | | | | | |
| **Кызмат көрсөтүүлөр** | **106 858,4** | **5,2** | **14,8** | **127 580,8** | **4,0** | **1,8** |

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан республиканы 2012-2014-жылдары өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүк программасы кабыл алынган. Программада экономиканын өнөр жайы, курулуш, айыл чарбасы, транспорт жана байланыш сыяктуу тармактарында 8,3 млрд. сом жалпы суммасындагы 40 долбоорду өздөштүрүү каралган. Мына ушул долбоорлор ишке ашырылып кеткен шартта, 2012-жылы ИДӨнүн өсүшү 7,5 пайыз деңгээлинде күтүлөт. Улуттук ИДӨ 337,6 млрд. сомду түзөт. Мында, дефлятор 15,0 пайыз деңгээлинде болжолдонгон.

**4.1.2-таблица. Экономика тармактары боюнча 2012-жылга каралган ИДӨ болжолдоолору**
*(реалдуу өсүш, пайыздар)*

| | **айкын** | **болжолдоо** |
|---|---|---|
| | **2011-ж.** | **2012-ж.** |
| Айыл чарба | 2,3 | 4,5 |
| Өнөр жай | 12,1 | 9,6 |
| Курулуш | -3,9 | 19,0 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 5,2 | 6,7 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 5,7 | 7,5 |
| **ИДӨ** | **5,7** | **7,5** |
| **Дефлятор,** *пайыздар* | **17,3** | **15,0** |
| **Номиналдык ИДӨ,** *млн. сом* | **273 107,8** | **337 629,5** |

ИДӨнүн ажырымы көрсөткүчү өндүрүш көлөмүнүн өсүшү/төмөндөшүнүн таасири астында экономикада орун алган баа тобокелдигине баа берүүнүн кошумча индикаторунан болуп саналат. Бул көрсөткүч Кыргызстандын экономикасы үчүн төмөнкүдөй эки ыкмада эсептелинген:

көмүскө секторду эске алуусуз (УСКнын расмий маалыматтарынын негизинде) жана экономиканын көмүскө секторуна баа берүүлөрдү эске алуу менен (УСКнын расмий маалыматтары + экономика тармактары боюнча кошумча баа берүүлөрдү жүргүзүү).

**4.1.1-сүрөт. Айкын жана потенциалдуу ИДӨ болжолдоолору**




2011-жылы көмүскө секторду эске алуу менен ИДӨнүн ажырымы жыл жыйынтыгы боюнча негизинен алгылыктуу чекте белгиленген көмүскө секторду эске алуусуз келип чыккан ажырымдан айрымаланып, терс мааниде болгон. Мындай айрымачылыктарды, көмүскө секторду эске алуу менен ИДӨнүн түзүмүндө кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн ишканаларынын жана айыл чарбасынын олуттуу үлүштү ээлеши менен түшүндүрүүгө болот, бирок 2011-жыл ичинде алардын өсүшү бир азды гана түзгөн. Көмүскө секторду эске алуу менен ИДӨнүн терс ажырымы 2011-жылы орун алган дефляциялык процесстерге шайкеш келтирилет. Өлкөдө саясый жигердүүлүктүн калыбына келиши, саясый жана экономикалык туруктуулук, дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктордо баа таасиринин жоктугу сакталып турган шартта, 2012-жылы орточо алганда ИДӨнүн алгылыктуу чектеги ажырым сакталып калышы күтүлүүдө.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын реалдуу сектор жагындагы болжолдоолору экономиканын өнүгүү тенденциясына жараша, ошондой эле өлкөнүн стратегиялык программаларына толуктоолордун же өзгөртүүлөрдүн киргизилишинен улам, бир аз корректировкаланышы ыктымал.

Бюджет-салык саясаты жагында көрүлгөн чаралар инфляцияга, ошондой эле акча-кредит саясатына олуттуу таасир эткен башка бир маанилүү фактордон. Акыркы жылдары, баа берүүлөргө ылайык экономикада чогуу алгандагы суроо-талаптын тездик менен өсүшүнө жана кыйла жогорку инфляциялык маанайды калыптандырууга өбөлгө түзгөн бюджет-салык саясатынын жеңилдетилип жаткандыгы байкалууда.

Жакынкы келечекте жогорку бюджеттик тартыштыктын жана анын каржылоого керектөөсүнүн сакталып турушу инфляциянын болжолдонгон деңгээли үчүн да тобокелдиктерди жаратышы мүмкүн, бул жерде ошондой эле, мамлекеттик бюджеттин каражаттарын финансы жылы ичинде бирдей ченемде чыгымдоо инфляциянын өсүп кетиши тобокелдигин басаңдатууга өбөлгө түзөт.

## 4.2. 2012–жылга жана 2012-жылдын I чейрегине инфляцияны болжолдоолор

Кыргызстанда КБИнин динамикасы дүйнөлүк азык-түлүк рынокторундагы баа жагдайынын таасири астында калыптанат, бул Кыргызстанда керектөөнүн импорттук берүүлөрдөн жогорку көз карандылыгы менен шартталган. Ушунун өзү республикада инфляциянын жогорку монетардык эмес түзүүчүлөрүн да аныктайт.

*Маалымат үчүн:*

Инфляциянын дүйнөлүк товардык рыноктордон көз карандылыгын Кыргызстандын КБИсинин жогорку корреляциясы (жылдык мааниде) жана GSCIeg индекси чагылдырууда.

**4.2.1-сүрөт. КБИнин жана GSCI-eg* индексинин жылдык динамикасы**




* GSCI-eg (Goldman Sachs Commodity Index-agricaltural) – айкын азык-түлүк (айыл-чарба) товарларына жигердүүлүк менен сатылуучу фьючерстик контрактылардын баасынын индекси – ал «Goldman Sachs» инвестициялык банкы тарабынан биржалык товарларды топ катары сунуштоо үчүн иштелип чыккан.

2012-жылы азык-түлүк товарларына баа алгылыктуу чекте болуп, калктын инфляциялык күтүүлөрү басаңдаган шартта жана суроо-талап

жана сунушка карата олуттуу тышкы жана ички таасирлер орун албаса, инфляция мааниси 8-9 пайызга жакын деңгээлде күтүлөт.

**4.2.2-сүрөт. Инфляциянын жылдык маанисин болжолдоолор**




Кыска мөөнөттүк мезгил аралыгында «базалык эффект» деп аталгандардын таасиринин натыйжасында, инфляция маанисинин айрым бир өзгөрүүгө дуушар болушу күтүлөт. Атап айтканда, 2011-жылдын 1-чейрегинде инфляция мааниси жогорку деңгээлде болгондугуна карабастан, ал бара-бара алгылыктуу чекте орун алып, андан соң дефляциянын рекорддук узакка созулган мезгилине алмашкан. Ушундан улам, башка бирдей шарттар орун алган учурда 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында инфляциянын жылдык жана орточо жылдык арымынын төмөндөшүн, ал эми экинчи жарым жылдыкта алардын кыйла тез арымда өсүшүн болжолдоп күтүүгө болот.

2011-жылдын 4-чейреги ичинде инфляциянын айкын деңгээли (1,2 пайыз) 2011-жылдын 3-чейреги үчүн «Кыргыз Республикасындагы инфляция боюнча баяндама» басылмасында жарыяланган ошол учурга карата прогноздон (1,4-1,7 пайыз) бир аз төмөнкү чекте калыптанган. Инфляциянын прогноздук маанисинин айкын мааниден четтөөсү, айыл чарба өсүмдүктөрүн өндүргөн өлкөлөрдө мол түшүм алынышынын алкагында товарлардын азык-түлүк тобуна баалардын күтүлгөнгө караганда алда канча төмөн болушу менен шартталган.

2012-жылдын 1-чейрегинде инфляция динамикасы сезондук факторлордун, атап айтканда мөмө-жемиш жана эт-сүт азыктарына байланыштуу жагдайларга жараша түптөлөт. Жыйынтыгында, 2012-жылдын 1-чейрегинде баанын өсүшү 2,0-2,3 пайызга жакын болжолдонууда; ушул мезгилге инфляциянын жылдык мааниси 3,4 пайыздан 1,4 пайызга чейин төмөндөшү күтүлүүдө.

**4.2.3-сүрөт. Инфляциянын 2012-жылдын I чейрегине карата болжолдоолор**



# Статистикалык тиркеме

### 1-таблица. Керектөө бааларынын индекси
*(өткөн айга карата ай, пайыздарда)*

| | 2011-жыл | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **янв.** | **фев.** | **март** | **апр.** | **май** | **июнь** |
| **Товарларга ж-а кызмат көрс-гө керектөө бааларынын индекси** | **102,7** | **101,4** | **102,2** | **100,4** | **99,7** | **100,6** |
| Товарлар | 102,7 | 101,7 | 102,4 | 100,4 | 99,5 | 100,7 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз ичимдиктер | 104,9 | 103,0 | 103,9 | 100,2 | 98,9 | 100,6 |
| Алкоголдуу ичимдиктер, тамеки заттары | 100,2 | 100,1 | 100,9 | 100,1 | 100,7 | 100,9 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 100,5 | 100,3 | 100,6 | 100,8 | 100,2 | 100,9 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 102,1 | 99,6 | 100,9 | 100,4 | 101,1 | 100,2 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз ичимдиктер | 104,9 | 103,0 | 103,9 | 100,2 | 98,9 | 100,6 |
| Нан азыктары жана таруу | 101,7 | 104,0 | 107,3 | 100,8 | 99,1 | 99,3 |
| жогорку сорттогу буудай уну | 102,2 | 104,7 | 107,8 | 101,4 | 99,3 | 99,1 |
| биринчи сорттогу буудай уну | 101,9 | 106,2 | 111,1 | 100,4 | 98,1 | 98,0 |
| нан | 100,7 | 103,1 | 105,7 | 100,7 | 98,2 | 100,0 |
| Эт | 104,9 | 103,1 | 100,9 | 100,1 | 101,7 | 103,5 |
| Балык | 101,1 | 100,9 | 100,9 | 100,4 | 99,7 | 100,8 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 103,8 | 102,0 | 97,0 | 98,5 | 97,2 | 97,3 |
| Май жана тоң майлар | 100,7 | 100,2 | 102,6 | 101,3 | 100,9 | 99,4 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 115,8 | 102,1 | 105,2 | 98,4 | 93,7 | 101,6 |
| жемиштер | 101,5 | 101,5 | 101,8 | 102,8 | 105,6 | 105,2 |
| жашылчалар | 122,5 | 102,3 | 106,5 | 96,8 | 89,0 | 100,3 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 105,7 | 104,6 | 101,3 | 100,8 | 99,9 | 100,3 |
| кумшекер | 108,4 | 106,1 | 100,2 | 100,4 | 99,7 | 100,2 |
| Башка тамак-аш азыктары | 100,8 | 102,5 | 99,0 | 100,3 | 100,1 | 100,4 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 101,8 | 100,9 | 102,7 | 101,1 | 99,2 | 102,7 |
| Алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки заттары | 100,2 | 100,1 | 100,9 | 100,1 | 100,7 | 100,9 |
| алкоголдуу ичимдиктер | 100,1 | 100,0 | 100,2 | 100,0 | 100,7 | 100,7 |
| тамеки заттары | 100,6 | 100,2 | 102,8 | 100,4 | 100,5 | 101,2 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 101,0 | 101,5 | 101,8 | 102,1 | 101,1 | 100,6 |
| кийим-кече | 101,2 | 100,9 | 100,2 | 100,9 | 100,7 | 100,6 |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 100,7 | 100,0 | 100,3 | 100,2 | 100,1 | 100,1 |
| эр адамдар үчүн кийим | 101,4 | 101,1 | 99,3 | 101,0 | 100,8 | 101,7 |
| аялдар үчүн кийим | 101,0 | 100,3 | 100,5 | 100,8 | 100,0 | 101,5 |
| балдар жана ымыркайлар үчүн кийим | 101,2 | 101,5 | 100,7 | 101,2 | 101,6 | 98,0 |
| кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү | 106,4 | 103,8 | 101,2 | 98,2 | 100,2 | 99,9 |
| ремонтун кошо алганда, бут кийим | 100,6 | 103,0 | 105,6 | 104,9 | 102,0 | 100,5 |
| эр адамдар үчүн бут кийим | 100,0 | 106,6 | 104,3 | 106,0 | 102,3 | 101,8 |
| аялдар үчүн бут кийим | 100,6 | 102,2 | 107,0 | 105,2 | 102,2 | 99,7 |
| балдар үчүн бут кийим | 101,3 | 99,1 | 103,7 | 102,3 | 101,3 | 101,3 |
| бут кийимди оңдоо | 103,0 | 102,4 | 106,9 | 101,1 | 100,2 | 102,2 |
| Турак-жай кызмат көрс-рү, суу, эл. энер-сы, газ ж-а башка отундар | 99,9 | 99,4 | 99,1 | 98,8 | 98,1 | 100,5 |
| турак-жай үчүн ижара төлөмү | 100,0 | 100,6 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар | 99,3 | 99,8 | 102,4 | 100,8 | 100,5 | 101,0 |
| кирпич | 100,0 | 100,0 | 103,1 | 100,3 | 100,8 | 100,3 |
| пиломатериалдар | 98,0 | 100,1 | 102,6 | 100,9 | 100,2 | 105,1 |
| цемент | 99,1 | 98,7 | 101,8 | 100,4 | 99,8 | 100,3 |
| терезеге салынуучу кесилбеген айнек | 99,8 | 99,3 | 100,0 | 100,0 | 99,7 | 103,5 |
| курулуш куму | 100,0 | 100,0 | 109,7 | 102,1 | 101,7 | 100,0 |
| шифер | 99,7 | 100,0 | 100,0 | 101,0 | 101,0 | 99,3 |
| турак-жайды күтүү жана ремонттоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,0 | 100,6 | 88,1 |
| суу менен камсыз кылуу | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 104,9 |
| электр энергиясы, газ жана башка отундар | 100,0 | 99,3 | 98,7 | 98,6 | 97,7 | 101,0 |
| газ | 100,2 | 98,9 | 99,4 | 98,8 | 99,2 | 102,2 |
| Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы | 100,2 | 101,0 | 100,5 | 100,8 | 100,3 | 101,4 |
| үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр | 100,1 | 101,7 | 100,5 | 100,2 | 100,6 | 102,5 |
| тиричилик текстилдик буюмдар | 100,1 | 100,0 | 100,8 | 101,0 | 100,2 | 101,1 |
| тиричилик шаймандары | 100,5 | 101,2 | 100,1 | 99,5 | 100,3 | 101,5 |
| айнек буюмдар, ашкана жана тиричилик шаймандары | 100,4 | 100,1 | 100,3 | 100,1 | 100,1 | 100,9 |
| Саламаттыкты сактоо | 99,6 | 101,4 | 100,8 | 100,4 | 100,6 | 100,6 |
| Транспорт | 102,0 | 96,9 | 100,2 | 100,4 | 102,3 | 101,0 |
| автотранспортту сатып алуу | 100,4 | 100,1 | 100,1 | 99,6 | 99,4 | 98,2 |
| күйүүчү-майлоочу материалдар | 98,6 | 88,1 | 99,2 | 101,1 | 104,0 | 101,6 |
| бензин | 98,6 | 88,0 | 99,1 | 100,9 | 103,4 | 102,0 |
| дизель отуну | 97,6 | 90,1 | 101,5 | 103,9 | 111,4 | 98,3 |
| техн-лык кызмат көрс-лөр ж-а трансп. каражаттарын ремонттоо | 100,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,4 |
| транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 104,0 | 97,6 | 100,5 | 100,7 | 103,4 | 101,5 |
| Байланыш | 100,0 | 100,0 | 103,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият | 100,0 | 100,8 | 101,6 | 100,4 | 100,8 | 100,1 |
| маданий иш-чараларды уюштуруу б-ча кызмат көрсөтүүлөр | 100,1 | 102,1 | 101,2 | 103,0 | 106,8 | 100,1 |
| газеталар, китептер жана кеңсе товарлары | 100,0 | 101,3 | 103,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Билим берүү | 100,5 | 101,0 | 100,1 | 100,0 | 100,2 | 100,0 |
| Ресторандар жана мейманканалар | 102,0 | 100,3 | 100,2 | 100,2 | 100,1 | 101,1 |
| коомдук тамактануу | 102,0 | 100,2 | 100,2 | 100,2 | 100,1 | 101,0 |
| мейманкана тейлөөлөрү | 100,9 | 101,7 | 100,3 | 99,7 | 99,8 | 106,1 |
| Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | 102,2 | 100,4 | 100,4 | 100,8 | 100,3 | 100,2 |
| жеке тейлөө | 102,5 | 100,3 | 100,4 | 101,0 | 100,4 | 100,4 |
| башка категорияларга кирбеген жеке колдонуудагы буюмдар | 100,8 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,1 |
| башка категорияларга кирбеген кызмат көрсөтүүлөр | 101,0 | 101,3 | 101,9 | 100,0 | 100,0 | 95,1 |

*Булагы: КР УСК*

| 2011-жыл | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **июль** | **авг.** | **сен.** | **окт.** | **нояб.** | **дек.** | |
| **99,7** | **98,8** | **98,9** | **99,5** | **100,7** | **101,0** | **Товарларга ж-а кызмат көрс-гө керектөө бааларынын индекси** |
| 99,3 | 98,6 | 98,2 | 99,3 | 100,7 | 101,2 | Товарлар |
| 98,3 | 97,3 | 97,0 | 98,6 | 100,3 | 100,9 | Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз ичимдиктер |
| 101,7 | 100,7 | 100,7 | 101,1 | 101,4 | 101,1 | Алкоголдуу ичимдиктер, тамеки заттары |
| 100,9 | 100,9 | 100,2 | 100,2 | 101,5 | 101,8 | Азык-түлүктөн башка товарлар |
| 102,0 | 100,1 | 102,8 | 100,7 | 100,5 | 100,2 | Кызмат көрсөтүүлөр |
| 98,3 | 97,3 | 97,0 | 98,6 | 100,3 | 100,9 | Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз ичимдиктер |
| 99,7 | 99,0 | 95,8 | 97,0 | 97,9 | 98,2 | Нан азыктары жана таруу |
| 99,7 | 98,6 | 93,4 | 97,2 | 96,4 | 95,9 | жогорку сорттогу буудай уну |
| 98,8 | 97,8 | 92,8 | 98,2 | 97,4 | 97,3 | биринчи сорттогу буудай уну |
| 99,9 | 99,9 | 99,3 | 99,6 | 99,1 | 97,6 | нан |
| 104,1 | 101,7 | 101,9 | 98,8 | 100,3 | 101,3 | Эт |
| 100,6 | 100,1 | 100,4 | 103,4 | 102,4 | 102,5 | Балык |
| 96,9 | 100,8 | 104,5 | 104,2 | 102,4 | 104,5 | Сүт азыктары, сыр жана жумуртка |
| 100,2 | 100,1 | 100,0 | 100,2 | 99,8 | 100,3 | Май жана тоң майлар |
| 85,6 | 79,8 | 88,8 | 102,4 | 109,1 | 107,8 | Жемиштер жана жашылчалар |
| 85,4 | 83,0 | 90,4 | 102,9 | 108,3 | 102,2 | жемиштер |
| 85,7 | 78,6 | 88,2 | 102,2 | 109,4 | 110,2 | жашылчалар |
| 102,1 | 104,2 | 92,4 | 93,5 | 98,3 | 100,3 | Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер |
| 103,2 | 106,4 | 87,6 | 87,8 | 94,4 | 99,2 | кумшекер |
| 100,5 | 101,5 | 101,6 | 100,1 | 100,2 | 100,2 | Башка тамак-аш азыктары |
| 100,9 | 100,5 | 100,5 | 100,1 | 99,6 | 100,9 | Алкоголсуз суусундуктар |
| 101,7 | 100,7 | 100,7 | 101,1 | 101,4 | 101,1 | Алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки заттары |
| 102,2 | 100,6 | 100,9 | 101,0 | 100,8 | 101,3 | алкоголдуу ичимдиктер |
| 100,6 | 100,7 | 100,3 | 101,3 | 102,7 | 100,6 | тамеки заттары |
| 100,6 | 100,9 | 100,1 | 100,6 | 100,5 | 101,5 | Кийим-кече жана бут кийим |
| 100,7 | 101,0 | 100,6 | 100,8 | 101,0 | 101,9 | кийим-кече |
| 103,9 | 100,5 | 102,9 | 100,3 | 100,3 | 101,0 | кийим тигүү үчүн материалдар |
| 100,5 | 100,9 | 101,7 | 100,5 | 100,4 | 100,9 | эр адамдар үчүн кийим |
| 99,7 | 100,4 | 100,8 | 100,8 | 101,3 | 102,8 | аялдар үчүн кийим |
| 101,6 | 102,0 | 98,5 | 101,2 | 101,4 | 102,3 | балдар жана ымыркайлар үчүн кийим |
| 100,2 | 100,4 | 100,4 | 104,9 | 100,6 | 100,3 | кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү |
| 100,3 | 100,8 | 99,0 | 100,1 | 99,2 | 100,3 | ремонтун кошо алганда, бут кийим |
| 100,0 | 100,9 | 100,4 | 100,6 | 100,4 | 100,2 | эр адамдар үчүн бут кийим |
| 100,0 | 100,4 | 98,5 | 100,2 | 98,6 | 100,3 | аялдар үчүн бут кийим |
| 101,5 | 102,1 | 99,0 | 99,0 | 99,7 | 100,1 | балдар үчүн бут кийим |
| 100,0 | 100,0 | 97,3 | 100,0 | 100,2 | 100,0 | бут кийимди оңдоо |
| 100,2 | 100,1 | 100,6 | 99,1 | 102,8 | 103,3 | Турак-жай кызмат көрс-рү, суу, эл. энер-сы, газ ж-а башка отундар |
| 100,0 | 100,0 | 114,2 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | турак-жай үчүн ижара төлөмү |
| 103,1 | 99,8 | 99,7 | 100,2 | 100,6 | 99,5 | турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар |
| 105,3 | 100,0 | 97,4 | 100,1 | 98,3 | 97,5 | кирпич |
| 100,3 | 100,9 | 99,5 | 100,0 | 99,9 | 100,0 | пиломатериалдар |
| 101,4 | 97,0 | 97,8 | 99,0 | 100,0 | 99,4 | цемент |
| 99,3 | 100,3 | 106,3 | 101,5 | 97,2 | 100,3 | терезеге салынуучу кесилбеген айнек |
| 99,8 | 101,1 | 101,9 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | курулуш куму |
| 100,2 | 100,1 | 101,6 | 100,0 | 101,5 | 100,0 | шифер |
| 99,7 | 102,8 | 99,6 | 102,4 | 100,3 | 102,0 | турак-жайды күтүү жана ремонттоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр |
| 100,0 | 100,6 | 100,8 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | суу менен камсыз кылуу |
| 99,9 | 100,0 | 100,6 | 98,7 | 103,5 | 104,2 | электр энергиясы, газ жана башка отундар |
| 100,1 | 99,4 | 100,4 | 90,9 | 101,1 | 101,8 | газ |
| 102,1 | 101,6 | 100,3 | 101,3 | 101,5 | 100,2 | Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы |
| 101,0 | 102,4 | 102,6 | 100,7 | 102,1 | 100,2 | үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр |
| 102,2 | 101,4 | 101,4 | 101,6 | 100,2 | 100,1 | тиричилик текстилдик буюмдар |
| 101,3 | 101,1 | 100,7 | 102,0 | 101,9 | 100,5 | тиричилик шаймандары |
| 103,9 | 101,0 | 95,2 | 102,6 | 100,6 | 100,4 | айнек буюмдар, ашкана жана тиричилик шаймандары |
| 100,8 | 102,1 | 101,0 | 101,1 | 100,2 | 100,9 | Саламаттыкты сактоо |
| 101,6 | 100,2 | 100,7 | 98,9 | 101,6 | 100,3 | Транспорт |
| 99,9 | 99,3 | 100,5 | 100,4 | 100,8 | 101,2 | автотранспортту сатып алуу |
| 103,2 | 102,0 | 99,8 | 99,4 | 100,6 | 101,4 | күйүүчү-майлоочу материалдар |
| 104,0 | 102,0 | 99,9 | 99,5 | 100,5 | 101,4 | бензин |
| 97,8 | 101,9 | 99,8 | 98,9 | 101,3 | 101,0 | дизель отуну |
| 100,7 | 94,8 | 100,7 | 101,6 | 101,2 | 101,0 | техн-лык кызмат көрс-лөр ж-а трансп. каражаттарын ремонттоо |
| 101,7 | 100,3 | 100,9 | 98,3 | 101,7 | 99,9 | транспорт кызмат көрсөтүүлөрү |
| 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | Байланыш |
| 101,3 | 102,3 | 100,2 | 100,9 | 101,7 | 100,5 | Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият |
| 100,0 | 100,0 | 100,1 | 100,0 | 102,6 | 100,0 | маданий иш-чараларды уюштуруу б-ча кызмат көрсөтүүлөр |
| 102,7 | 105,5 | 99,2 | 100,2 | 103,4 | 100,3 | газеталар, китептер жана кеңсе товарлары |
| 102,5 | 100,0 | 108,2 | 102,9 | 99,9 | 100,2 | Билим берүү |
